УДК 377

# ТАБИЯТ ТААНУУ ИЛИМИНИН НЕГИЗГИ МАКСАТЫ – ИЛИМИЙ КӨЗ КАРАШТЫ ӨНҮКТҮРҮҮ
# ОСНОВНАЯ ЦЕЛЬ ЕСТЕСТВОЗНАНИЯ: РАЗВИТИЕ НАУЧНОГО МИРОВОЗЗРЕНИЯ
# THE MAIN GOAL OF THE NARUTAL SCIENSE IS THE DEVELOPMENT OF IDEOLOGY

***Токтополотова А.К. – Физика предметинин окутуучусу***
***Кочкор-Ата колледжи ЖАМУ, Кочкор-Ата ш.***

***Аннотация:*** *Бул макаламда табигый илимдердин закон ченемдүүлүктөрүн, эксперименталдык көндүмдөрдүн эске алуу менен адамдардын ой жүгүртүүсүн, таанып билүүсүн өнүктүрүү. Анын негизинде алардын илимий көз карашын өстүрүү.*

***Аннотация:*** *Статья посвящается особенностям развития человеческого мышления с учетом естественных и экспериментальных закономерностей природы. В их основе лежит научное мировоззрение.*

***Annotation:*** *The article is devoted to the understanding of natural phenomena, based on empirical evidence from observation and experimentation. The natural science use the scientific method to study nature from the social sciences, which use the scientific method to study human behavior and society.*

***Ачык сөздөр:*** *Интуициялык, аналитикалык, глобалдык, фундаменталдык, кризис, көсөмдүк, атмосфера, иллюзия, мистика, көргөчтүк.*

***Ключевые слова:*** *интуитивный, аналитический, глобальный, фундаментальный, кризис, общественный, атмосфера, иллюзия, мистика, мировоззрение.*

***Key words****: intuition, analytic, global, fundamental, radical, crisis, social, atmosphere, illusion, mysticism, world view, ideology.*

Табият тануу предметтери илимий теориялардын, закондордун принциптердин философиясын түшүндүрүү аркылуу студенттердин логикалык ой жүгүртүүсүнн интуициялык ой жүгүртүүсүнө, көрө билүү (көсөмдүк) деңгээлде ой жүгүртүү менен аналитикалык санашка ээ кылаарын билебиз.

Табият таануу предметтеринин ичинен физика илиминин таанып билүү, ой жүгүртүү, элестетүү, аткарып көрүү менен студенттердин илимий көз карашын өнүктүрөт.

Физика илими – табияттагы кубулуштардын жөнөкөй жана жалпы закон ченемин материянын касиеттерин, түзүлүшүн, кыймыл закондорун изилдөөчү илим. Анын закондору – табият жөнүндөгү башка илимдердин негизи. Физика так илим жана кубулуштардын закон ченемин сан маанисин аныктайт. Физика илими эксперименттик жана теориялык болуп айырмаланат. Эксперименталдык физика жаңы фактыны (чындыкты) байкоо жана белгилүү физикалык закондоруу текшерүү үчүн жүргүзүлүүчү тажрыйбалар. Ал эми теориялык физика табияттын закондорун так жана кыска түшүнүктү жазуу.

Физика – табият жөнүндөгү илимдердинбайыркыларынан. Анын өз алдынча илим болуп калыптанышына Галилео Галилейдин эмгектеринен башталат.

Ошондуктан физика илими табият жөнүндө болуп жаткан кубулуштарды, табигый элементтерди таанып билүүгө, зор салым кошкон орду бар.

Биз билгендей ой жүгүртүүнүн башталышы болуп логикалык ой жүгүртүү эсептелет. Ой жүгүртүүлөр ылдамдыктары боюнча айырмаланышат.

1. Логикалык ой жүгүртүү.

2. Интуициялык ой жүгүртүү.

Логикалык ой жүгүртүү ылдамдыгы, интуициялык ой жүгүртүүдөн төмөн. Анткени интуициялык ой жүгүртүүнүн ылдамдыгы көрө билүү (көсөмдүк) деңгээлде ой жүгүртүү менен аналитикалык санатка ээ кылаары белгилүү.



Биздин учурдагы максатыбыз окуу жайлардагы студенттердин, мектептердеги окуучулардын, бала бакчадагы жаш балдардын ой жүгүртүүлөрүн өнүктүрүү болуп саналат. Андыктан биз ой жүгүртүүнү жакшы калыптандырыш үчүн аларга табият илимдеринин таанып билүүчүлүк ыкмаларын жайылтуу жана табигый эксперименттерди тез тез жүргүзүп туруу керек.

Андыктан ой жүгүртүүгө ээ болгон адам мауглидин абалын көрө билип, коомдун экономикалык социалдык жактан өзгөрүү, өнүктүрүү багытын талдай алат.

Ал көрөрман адам жалаң эле табият, коом эмес, чоочун адамды деле жүрүм турумунан, пикиринен ал адамдын кам экенин бат эле байкай коёт. Ошол эле учурда алар коомдун экономикалык-социалдык абалына, өнүгүүдөгү багытына талдоо жүргүзүү менен өнүгүүнүн конкреттүү механизмдерин сунуштай алышат. Ошондуктан билим берүү тармагынын кызматкерлери жана окутуучулары табият предметтерин жана математиканы окутууда окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүнөн көрөрмандык деңгээлдеги ой жүгүртүү бийиктигине жеткирүү зарылдыгын турмуш тастыктады. Азыркы учурда ой жүгүртүүдө көрө билүү денгээлине чыккан адамдар чөйрөдөгү окуя, фактыларды кризистерди, коомдун өнүгүшүндөгү өзгөрүүлөрдү рыноктун абалын аргументтер менен далилдейт, ал эле эмес аба – ырайынын өзгөрүшүн Жер планетасындагы глобалдык жылуулануу процессин бешталышын ж.б. прогноздон бере алышат. Анкени алар табият кубулуштарындагы, коомдогу, турмуштагы окшоштуктарды, айырмачылыктарды, мыйзам ченемдерди ар түрдүү эксперименттер менен реаолдуу талдап салыштырууга жалпылоого, фундаменталдык билимдерди далилдей алчу каражаттары бар, кесиптик жөндөмдөрү да жетиштүү.

Мисалы табият илимдеринин бири болгон физика предметинин студенттердин ой жүгүртүүсүнө тийгизген таасирин карап көрөлү. Жөнөкөй эле бөлүкчөлөрдүн бош аламын кыймылын карайлы: физикада молекулалардын баш аламан кыймылда болушу, алардын тынч абалда болушу бүтүндөй бир табигый кубулуштарды жаратылышына алып келет.

Илимий көз карашты өнүктүрүү

Табият таануу предметтеринин негизги максаттарынын бири адамдардын илимий көз карашын өнүктүрүү болуп саналат.

Билим берүүдөгү илимий көз караш табият илимдеринин бир өзөктүү бөлүгүн түзөт.

Биз студенттерди илим аркылуу табият кубулуштарынын процесстердин пайда болуу, өзгөрүү, айлануудагы терең сырларын жан дүйнөсүнө ынанымдуу толук жеткире албай жаткандыктан жаштар диний даваатчыларды эрчип кетип жатпайбы.

Жөнөкөй эле мисал: Жамгырдын кантип пайда болушун тажрыйбада түшүндүрүп бере албасак, кургак ооз эки түшүндүрүүдөн студент эч несени түшүнө албай калышы мүмкүн. Бул мисалды тажрыйбада көрсөтүүгө андай деле көйгөйдү пайда кылбайт. Себеби керектүү жабдыктарды танса болот. Туура, азыркы технологиянын өнүгүшу менен техника аябагандай өнүктү. Эми ошол өнүгүүлөр адам баласынын таанып билүү теориясына таянат да.

Ошондуктан азыркы студенттерди ар кандай иллюция, мистикалык көз караштардан илимий көз карашка далилденген илимий чындыкты бир жутууга, ага багыт алууга маани берүү керек. Бирок чындыгында адамдын физиологиялык жана психологиялык жетишүүсү да эске алыныш керек. Мүмкүн биздин окутуп жаткан студентти биз физиологиясы жетиштүү ал эми психика жактан аксаса анда биз ал студенттин таанып билүүсүн көзөмөлгө алып, кошумча түшүндүрүү иштерин алып баруу керек.



Мындан сырткары физикалык кубулуштардын болуп жаткан, болуп өткөн жана боло турган табигый кубулуштардын адам баласынын турмуш тиричилигине тийгизген таасирдүүлүгү жогору. Анткени ошол болуп жаткан жаратылыш кубулуштарын көрүң сезип, таанып билип, адамзаттын илимий көз карашы өзгөрөт жана себептерин изилдей баштайт б.а. илимге болгон кызыгуу жаралат. Ошол кызыгуулардын жыйынтыгы аймактагы жашаган элдердин илимге, билимге, техникалык ачылыштарга, айыл - чарбасына, мал чарбачылыгында аябагандай чоң жетишкендиктерди алып келип жатат. Элдин турмушу оң сузими жактырган сайын аймактардын экономикалык социалдык тармактары өнүгөт. Мындай өнүгүүлөр жер жерлерде болуп турса анда мамлекетибиздин экономикасы, маданияты өсөт.

Мындан сырткары билим берүү тармагында чоң ийгиликтер жаралат. Ар бир адам өз кемчилдигинин үстүнө иш алып берип турса, өз билим деңгээлине анализ жүргүссө анда билим, илимдин жогорулашы да байкалат.

Андыктан адам өзүнүн өсүү темпин текшерип, анын үстүнөн иш алып берүүсү зарыл.

**Инсандын жеке өсүүсү**




Биз адамдардын билим деңгээли, ой жүгүртүүсү жана таанып билүүсүн гана эске албастан алардын тарбия маселесин да унутта калтырбашыбыз керек.




Эми ушул тарбия маселесинин, студентти окутуудагы багыттары кандай болот.




Биз студенттерге ушул тарбия багытын туура берүү менен алардын билим деңгээлин, таанын билүүлүлүк жана ой жүгүртүүчүлүк ыкмалар менен окутууга жетишебиз. Тааным билүү теориясында тарбия маселесинин орду чоң, анткени адам баласы тарбияны кайсыл коомдон алат.

Биз билим берип жаткан студенттер коомдо ушул жогорудагыларды таанып билим тарбия алышат.

Менин ушундай теманы тандоомдун бир себеби да аймактарды өнүктүрүү жылына карата болуп жатат.

Анткени келечек муунду тарбиялоодо, билим берүүдө алардын ой жүгүртүүсүн, таанып билүүсүн ача алмайын эч кандай өнүгүү, өсүү болбойт. Ал эми ошол таанып билүү теорияларын, ой жүгүртүү, физиологиялык жана технологиялых өсүүшүнө табигый илимдердин, анын ичинен физика предметинин мааниси зор.

Себеби биздин жашоо тиричилигибиз, табиятыбыз, курчап турган чөйрө, дем алып жаткан атмосфера баарысы бул физика илиминин бир учкундары.

**Колдонулуучу адабияттардын тизмеси:**

1. Физика кыскача энциклопедия. Бишкек 1994г.
2. Академическая наука Кыргызстана. Фрунзе 1990г. Айтмурзаев Т.
3. КСЭ. Фрунзе 1980г. 6-том.
4. Интернет булактары.
5. Курсы стории физики. П.С.Кудрявцев